**БАТАКАНОВА С.Т.**
**lib.knu@mail.ru**

# ИНТЕРАКТИВДҮҮ МЕТОДДУ КОЛДОНУУ ЖОЛУ МЕНЕН А.ОСМОНОВДУН ЛИРИКАЛАРЫН ОКУТУУ

Интерактивдик метод деген, педагогикалык жаңы багыттын, б.а., инсанга багыттап билим берүү философиясынын туундусу. Инсанга багыттап билим берүү педагогикасынын башкы дөөлөтү - бул окуучунун инсаны, анын жекече өзгөчөлүктөрү менен кызыкчылыктары, муктаждыктары менен жөндөмдүүлүктөрү. Анын максаты – окуучулардын инсанын өркүндөтүү, анын кызыкчылыгын, шыгын эсепке алуу менен чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн, талантын өстүрүү, ичте катылып жаткан мүмкүнчүлүктөрүн ачуу.

Инсанга багыттап билим берүүнүн мүдөө-максаты – окутуу процессинде окуучулардын индивидуалдуулугун, жөндөм – талантын, активдүүлүгүн өстүрсө, интерактивдүү метод – ошол мүдөө-максатты кандай айла-амалдар, ыкмалар, жолдор менен жүзөгө ашыруу маселесин көтөрөт жана чечет.

Интерактивдүү методдун негизги ыкмалары: диалог, талаш-тартыш (диспут), талкуу, акыл чабуулу (мозговая атака) сынчыл ойлом, проблемалык кырдаалдар, издөө-иликтөө ишмердиги, эксперимент ж.б. Ал ушундай методдордун ыкмаларын кеңири пайдаланат.

Себеби, бул ыкмалар окуучуларды ойлонтууга аргасыз кылат, изденүүгө түртөт.

Интерактивдик методдун маңызы окуучуларды өздөрүнүн же болбосо, мугалим менен окуучунун биригип, өз ара сүйлөшүү, пикирлешүү, дискуссия жүргүзүү, көмөктөшүү жолу менен маселени чечишет.

Демек, интерактивдик деген сөз англис сөзү - өз ара аракеттенүү деген маанини билдирет.

Демек, интерактив биргелешкен жемиштүү, натыйжалуу эмгекке багытталган иш ыңгусу.

*Сабактын темасы:* А.Осмоновдун Мекен, эл-жер темасындагы лирикалык чыгармалары.

*Сабактын максаты:* Окуучулар Кыргызстандагы кыйынчылыктар, ишенимдер, эңсеген келечек жана келечекти жакшыртуу үчүн мүмкүнчүлүктөр боюнча идеяларын, ой толгоолорун топ менен иштеп, чыгармачылык фантазия аркылуу анализдөө, аныктоо менен мекенин, эли-жерин сүйүү, атуулдук сезимдери калыптанат.

*ГББнын компоненттери:* ички, мейкиндик, проблемалык, убакыттык.

*Убакыт:* 40 мин.

*Каражаттар:* Ар бир топко бирден ватман, бирден комплект маркер, скотч.

*Иш кадамдары (процедура) :*

1. «Мекен» деген сөздү кандай түшүнөсүңөр? - деген суроо боюнча оозеки идеялар угулат.
2. Окуучулар 1,2,3 деп саноо менен топко бөлүнүшөт.
3. Мугалим А.Осмоновдун «Ата Журт», «Ысык-Көл», «Кыргыз тоолору» ырларынын көчүрмөсүн ар бир топко таркатып берет.
4. Ар бир топ тапшырма жазылган карточкалардын бирден тема алышат да окуп, ага өз чыгармачылыктарын кошуп, сүрөт тартуу аркылуу түшүндүрүп беришет.
5. Ар бир топ тапшырмаларынын идеяларын салыштырып ватманга чагылдырышат.
6. Топтор жалпы класска презентациялашат.
7. Жалпы класс суроо берип, талкуулап, ой бөлүшөт.

*Потенциалы:* Ата Мекенди сүйүү, патриоттук сезимдери чыңалат.

1. *Талкуулоо үчүн суроолор (дебрифинг):*
2. Эмне үчүн Ата Мекенди коргоо, көздүн карегиндей сактоо, ага кам көрүү керек деп ойлойсуңар?
3. Силер үчүн жаңылык жана таң калтырган кандай учурлар болду?
4. Автор бул ырларында негизинен эмнеге көбүрөөк көңүл бурган?

5. Ырлардын өз ара бири-бирине байланыштары барбы?

*Улантуу:* Ата-Мекен темасы боюнча ата-энелердин оюн угуп, кошумчалап. Өз чыгармачылыгына (ыр, сүрөт, аңгеме...) жараша тапшырма аткарып ой бөлүшсө болот.

*№1 Ата-Журт*

Жылуу кийин, жолуң кыйын үшүрсүң,
Кыш да катуу... бороон улуп, кар уруп...
Суугуңду өз мойнума алайын.
Жол карайын, токтой турчу Ата Журт!

*№2 Ысык-Көл*

Ысык-Көл, сени сүйдүм, сени ырдадым,
Ырыма өзүң болдуң бел кылганым.
Күнүмдүн ичкен суудай берекеси,
Өзүңдүн бир көйкөлүп ыргалганың.

*№3 Кыргыз тоолору*

Тоого тоолор курамалап курашып,
Узун тартып, уламалап улашып.
Алда кайдан кебез тартып келаткан,
Кербенчинин төөлөрүндөй чубашып.

*Сабактын темасы:* А.Осмонов «Бүкөн» аттуу ыры

*Сабактын максаты:* Окуучулар согуштан миллиондогон кыргыз кыз- жигиттеринин майып же курман болуп, анын жакындарынын зар какшап, каңырыкты түтөткөн сезимдерин талдоо, анализдөө аркылуу боорукерлик, гумандуулук сезимдери өөрчүйт.

*Сабактын ыкмалары:*

1. Шиңгил түзүү «Кластер»
2. Жалпылоо ыкмасы менен колдонуп окуп түшүнүү
3. Презентациялоо (схема, сүрөт, баяндама, таблица аркылуу)
4. Эссе жаздыруу (үй тапшырма).

*Тарбиялоо максаттары:* Өз мекенин сүйүү, атуулдук ариеттерин күчөтүү.

*Сабактын түшүндүрмөсү:*

1. Берилген тема боюнча үч нерсеге көңүл буруу керек:
2. Берилген убакыт боюнча
3. Берилген тема боюнча
4. Ойго туш келген сөздөрдү жазуу керек.

*Багыттоочу суроолор:*

«Согуш» дегенде оюңа эмне келет?


Мисалы: «Согуш» дегенде менин оюма кайгы, муң , тополоң келет.

1. Ар ким өзүнүн оюн, элестеткенин өз алдынча жазат (берилген убакыт 5 мин.).
2. Ар бир окуучу өз оюн жанында отурган шериги менен салыштырат, жазган сөздөрүн бири-бирине окуп беришет, каталарын да байкап ондошот (3-5 мин.).
3. Ар бир отурган жуптан 2-3 сөз айтуу талап кылышат.
4. Ар бир айтылган сөздү мугалим же ага жардам берет жаткан окуучу тактага жазат (5мин.).

2.Эми жазылган сөздөрдүн маанисине карата топторго бөлүштүрөт.

Тактанын же плакаттын четине биз теманы жазабыз, анын айланасына бөлүшкөн топтордун жалпы аталыштарын жазабыз. Ар бир топко кирген сөздөрдү анын жанына жайгаштырабыз.

Төмөндөгүдөй кластер болжолдуу болуп мындай түзүлөт:



| | | |
|---|---|---|
| Кайгылуу, муңдуу, ыйлаган, чарчаган | Бак-дарактар кыйраган, тоолор ураган, талаа бозоргон | Абаны чаң баскан, боз топурак учкан, караңгы, жаанчыл. |

*Патенциалы:* Бул иш-аракетте окуучулар башка бирөөнүн сезимдерин туюп, анын ордуна өзүн коюу менен боорукерлик сезимдери өөрчүйт. Согуш эмнелерге алып келерин, чыгарманы биргелешип, ой бөлүшүү аркылуу боолголошот.

*Талкуулоо үчүн суроолор (дебрифинг):*

1. «Көзүнөн жаш чуурутуп, буурчак-буурчак» - деген салыштырууну кандай түшүнөсүңөр?
2. Өзүңөр келечекте мээримдүү, камкор, жоопкерчиликтүү, патриот ата болуш үчүн кандай сапаттардын болушун каалар элеңер?
3. «Бирок да бардык айыл жакшы көрөт, Бүкөндүн эркелетчү атасы көп» - деген ыр саптарын кандай түшүнөсүңөр?
4. Улуу Ата Мекендик согушта курман болгондордун эстелигине эмне үчүн жаш үйлөнгөндөр дайыма гүл коюшат деп ойлойсуңар?
5. Бул иш-аракет силерге кандай сезимдерди туудурду?

*Улантуу:* Окуучулар үйдөн ата-энелеринен, улуу муундардан: Улуу Ата Мекендик согуш тууралуу маалыматтарды сурап, класска айтып беришсе болот.

*Сабактын темасы:* А.Осмоновдун «Кыргыз тоолору» аттуу ыры

*Сабактын максаты:* Кыргыз жергеси негизинен тоо кыркаларынан тураарын, кыргыз тоолорунун бай табиятын, алп турпатын чыгармачылык менен салыштырып, бекемдешет.

*ГББнын компоненттери:* ички, мейкиндик, проблемалык, убакыттык.

*Убакыт:* 40 мин.

*Каражаттар:* 5 топко: бирден флипчарт, бирден комплект маркер, бирден тапшырма жазылган карточка, скотч.

*Иш кадамдары:*

1. «Алда кайдан кебез тартып келаткан,Кербенчинин төөлөрүндөй чубашып» - деген ыр саптарын мугалим доскага жазат.
2. Класс 5 топко бөлүнөт. Ресурстарды алышат.
3. Тапшырма: карточкалардагы ыр саптарындагы пейзаждык көрүнүштөрдү чечмелешет. Кыргыз тоолору жөнүндө өз билгендерин, көргөндөрүн дептерине жазышат.
4. Топ менен биргелешип талкуулап, идеяларын флипчартка чагылдырышат.
5. Жалпы класска ойлорун тартуулашат.
6. Жалпы класс суроо беришет, кошумчалашат.

*Потенциалы:* Кыргыз тоолорунун арасында жашап жүрүп, өзүбүз көп анча байкабаган алп тоолорубуздун асыл касиеттерин дал ушул ырды окуганда гана даана биле тургандыгын, ой жүгүртүп анализдешет.

*Талкуулоо үчүн суроолор (дебрифинг):*

Силер жашаган аймакта кандай тоолор бар? Аларды сүрөттөп бергиле.

*Улантуу:*

Ата-энелеринен тоолору, кыргыз жайлоолору жөнүндө сурап, уккандары, көргөндөрү жөнүндө ой бөлүшүп, аны жалпы класска айтып берсе болот.

Вариант: 4-кадам идеяларын флипчартка жазбай эле оозеки презентация жасатса да болот.

*№1 тиркеме:* тапшырма жазылган 5 карточка

№1 Тоого тоолор курамалап курашып,
Узун тартып, уламалап улашып.
Алда кайдан кебез тартып келаткан,
Кербенчинин төөлөрүндөй чубашып.
№2. Кара зоолор ар кай жерде каркайып,

Катмарлашып, калың тартып заңкайып.
Алмаз сындуу көккө тийген миздери,
Арстандын азуусундай арсайып.

№3. Мөңгү кетпей, чокулары жалтырап,
Тоңгон муздар шөкүлөдөй жаркырап.
Ар жагынан, бер жагынан куш эмес,
Араң гана бороон өтөт калтырап.

№4. Жаз келерде, эң биринчи жаз конуп,
Кыш болоордо, эң биринчи кыш тоңуп.
Ай-ааламга ай тие элек кезинде,
Эң биринчи ай жамынып, ак болуп.

№5. Түн болоордо, эң кийинки түндү алат,
Түз жерлерден кийин кетип мунарык.
Дүйнө жүзү көзүн ача электе,
Эң биринчи күндү тосуп кызарып.

*Сабактын темасы:* А.Осмоновдун «Неге кечигет?» аттуу ыры.

*Сабактын максаты:* Окуучулар согуштун чоңдор эмес балдар да, табигат да, өсүмдүктөр, айбанаттар дүйнөсү, бүт айлана жабыр тартарын билишет. Анын таш боор, кыйраткыч экендигин биргелешип анализдөө аркылуу, согушту жек көрүү, аны болтурбай коюу сезимдери өөрчүйт.

ГББнын компоненттери: ички, мейкиндик, проблемалык, убакыттык

*Убакыт:* 40 мин.

*Каражаттар (ресурстар):* 4 топко бирден №1 тиркеме

*Иш кадамдары (процедура):*

1. Окуучулар: 1,2,3,4, деп саноо менен 4 топко бөлүнүшөт.
2. №1-тиркемедеги: А.Осмоновдун «Неге кечигет» деген ырдан үзүндүнү саптарга бөлүп-бөлүп кесип, аралаштырып, топторго сунуш кылынат.
3. Жуп менен ал кесинди саптардан өз көз караштары боюнча ыр түзүп, дептерине жазышат.
4. Жуп менен түзгөн ырын топтору менен талкуулашат.
5. Топ биргелешип түзгөн ырын флипчаттарга жазып, дубалга илишет.
6. Жалпы класска презентация кылышат.
7. Жалпы класс түп нускасы менен салыштырат, талкуулашат, ой бөлүшөт.

*Потенциалы:* Бул иш-аракеттен окуучулар көрсө, кечигүүнүн себеби бар экендигин, фашисттердин огунан жараланганын, адам түгүл, жаратылыштын да жабыр тартканын туюп, согушту жек көрүү сезимдери калыптанат.

Талкуулоо үчүн суроолор (дебрифинг):

Автор эмне үчүн бул ырын «Неге кечигет» деп атаган?

Жараланып кайра айыккандай жаздын жаны барбы? Ал кадыресе сезеби? Туябы?

Муну менен акын эмнени айтмакчы болгон?

Согуштун адам түгүл ааламга, жаратылышка тийгизген таасири кандай?

*№1 тиркеме:* А.Осмоновдун «Неге кечигет» - деген ыр саптарынан үзүндү.

№1. Эсимде... Бир жолу эмес, нечен ирет,
Бул айда тоо боорунан гүл терчү элек.
А быйыл... күн жылыбайт, жер тегиз кар,
Шумдук ай, неге мынча жаз кечигет?

№2. Алда эмне? Алмаштырып сан кылымды,
Өзгөрбөй келе берип ар бир жылы.
Же биздин каршы келип бактыбызга,
Алсырап, жол жүрө албай чарчадыбы?

№3. Жок, жаным, чарчабагын, таарынбагын...
Жогорку үч себеп тең бирдей жалган.
Эмесе, кечигүүнүн чын себеби,
Немецтин уулуу огунан жараланган.

№4. Күн нурлуу, кайгы билбейт, күлүп чыгат,

Бир күндө биздин колдон жаз айыгат.
Анда соң жарасы үчүн кек алмай бар,
Күнөөкөр анда кандай айла табат.